**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ ТАРЫХ ИНСТИТУТУ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 07.06.333**

Текшерүүчү нуска

Кол жазма укугунда
УДК:392.1(575.22)(043.3)

**Мурзакметов Абдымиталип Камытович**

# Кыргыздардагы баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдар менен ишенимдер (Түштүк Кыргызстандын материалдары боюнча)

Адистиги: 07.00.07 – этнография, этнология жана антропология

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн талаптанып жазылган диссертациянын**
**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2007**

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Археология жана этнология кафедрасында даярдалды

**Илимий жетекчиси:** тарых илимдеринин доктору **Каратаев О. К.**

**Расмий сын-пикир ээлери:** тарых илимдеринин доктору, профессор **Маанаев Э.Ж.** тарых илимдеринин кандидаты **Жапаров А.З.**

**Жетектөөчү мекеме:** **Махмуд Кашгари (Барскани) атындагы Чыгыш университети, гуманитардык жана табигый дисциплиналар кафедрасы**

Диссертация Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых институтунун алдындагы тарых илимдери боюнча докторлук (кандидаттык) диссертацияларды коргоочу Д.07.06.333 Диссертациялык кеңешинин 2007-жылдын «___» ______ саат 14.00дө башталуучу жыйынында корголот.

Дареги: Бишкек шары, Чүй проспекти, 265 «а».

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында таанышууга болот.

Автореферат 2007-жылдын «___» __________таркатылды.

Диссертациялык кеңештин торагасы,
т.и.д., профессор **Осмонов О.Ж.**

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
тарых илимдеринин доктору **Батырбаева Ш.Д.**

Макулдашылды:
КР УАК болум башчысы ______________________________

## Диссертациянын жалпы мүнөздөмөсү

**Теманын актуалдуулугу.** Өзүнүн узак доорду камтыган карт тарыхында кыргыздар абдан бай, уникалдуу оозеки чыгармачылыкты жарата алышты. «Манас» эпосунан тартып бир саптык макал-лакапка чейин албайлы, алар бир доордун же кылымдын эле азыгы эмес. Оозеки чыгармалар ооздон-оозго өтүп, эчендеген муундар тарабынан кылымдан-кылымга жетип, улам жаңырып, кубулуп, алымча-кошумчалар менен иштелип чыккан элдик казына болуп саналат. Бүгүнкү күнгө чейин мезгил тарабынан сыналган көркөм мурастар гана, анын ичинде ырым-жырымдар да бизге келип жетти.

Атам замандан бери калк арасында жашап келе жаткан ырым-жырымдар калк тарабынан күнүмдүк жашоодо үзгүлтүксүз колдонулуп келгендиги талашсыз. Ырымдар адамды төрөлгөндөн тартып өлгөнгө чейин коштогон, ошол себептүү аларды бала кезден тартып эле байкоо жүргүзүү аркылуу кабыл алышкан. Ырым-жырымдар адамдын курчап турган айлана-чөйрө менен болгон катышын, жашоо-тиричилигин, чарбалык ишмердүүлүгүн, турмушка болгон көз караштарын, жашоо образын, психологиясын чагылдырып келген. Ошондуктан, ырым-жырымдар эпостордон, элдик уламыш, болмуш, санжыралык маалыматтардан тартып майда жанрларга чейин тарап, каада-салтка, элдик этикетке айланып кеткен. Дүйнөдө жашап жаткан дээрлик бардык калктардын элдик оозеки чыгармаларында ырым-жырымдардын арбын кездешүүсүнүн себебин жогорудагыдай жагдайлар менен түшүндүрүүгө болот.

Тилекке каршы, баалуу, сейрек маалыматтардын басымдуу бөлүгү руханий маданиятыбыздын үлгүлөрүн эсинде сактап келгендер менен кайрылгыс, табылгыс болуп унутулганы белгилүү. Ириде, бүгүнкү кыргызтаануу илиминде белгилүү болгон тарыхый-этнографиялык маалыматтарды жыйнап, объективдүү көз карашта, ар тараптуу илимий иликтөөлөр аркылуу тарыхыбыздын, көөнө маданиятыбыздын бай мүмкүнчүлүктөрүн эл эсине кайтарып берүүгө мезгил жетти. Келип чыгуусу өтө байыркы доорлордун түпкүрүнө таандык, ушул күндөргө келип жеткен элдик ырым-жырымдар аркылуу бабаларыбыздын жашоо тиричилигин, дүйнөгө болгон көз караштарын, философиялык-диний түшүнүктөрүн, ишенимдерин окуп-билүүгө мүмкүнчүлүк алабыз. Ошондуктан, элдик ырым-жырымдарды, салттуу маданияттын үлгүлөрүн изилдөөнүн кыргыз тарыхы, этнографиясы, улуттук философиясы менен элдик педагогикасы үчүн зор мааниси бар экендиги талашсыз. Ырым-жырымдар адамдарды, төрт түлүк малды түрдүү кырсыктардан, оору-сыркоолордон сактоо үчүн элдик медицинада да колдонулуп келгендигин эске алсак, алардын прикладдык мүмкүнчүлүктөрүн, маанисин да унутта калтырууга болбойт.

Учурда элибиздин тарыхын, салттуу маданиятын, тектеш жана башка элдер менен этногенетикалык, этномаданий байланыштарын иликтөө актуалдуу маселелерден болуп калды. Кыргыз эли өзүнө тиешелүү нукура элдик өзгөчөлүккө ээ бай маданияттын жаратуучусу болуп саналат.

Этнографиялык маанидеги материалдар, маалыматтар өткөн тарыхтын татаал сыноосуна туруштук берип, муундан-муунга өтүп, элибиздин рухий дүйнөсүнүн кенчи болуп кала берүүдө. Ошондуктан, кыргыз тарыхын, маданиятын изилдөө, үйрөнүү зарылчылыгын эгемендүүлүккө ээ болгон себеп менен гана түшүндүрүү, албетте, бир жактуулукту гана туюнтмакчы. Аны баарынан мурда кайра жаралуу процессин башынан кечирип жаткан улутубуздун келечек угуту деп түшүнүүгө тийишпиз.

**Теманын изилдөнүү деңгээли.** Этнография илиминде үй-бүлөлүк ырым-жырымдардын бир бөлүгү болгон баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдар белгилүү деңгээлде өз ордун таап, америкалык этнограф М.Мид жана советтик окумуштуу И.С.Кондун салымы аркылуу “балалык этнографиясы” деген аталышка ээ болгондугу белгилүү[1]. Мурдагы советтик этнография илиминде бул багытта Чыгыш элдеринин балдарды салттуу тарбиялоосун изилдөөгө багытталган бир катар эмгектер өткөн кылымдын 80-жылдарында жаралгандыгын белгилей кетүүгө болот[2]. Ал изилдөөлөрдө совет илиминде алгач ирет Чыгыш, Алдыңкы, Түштүк жана Түштүк-Чыгыш Азия элдеринин балалык этнографиясы комплекстүү иликтенип, маданияттагы балдардын образы, жаңы төрөлгөн наристени багуу ыкмалары, тарбиялоо, эмгекке жана үй-бүлөлүк турмушка даярдоо, үй-бүлөлүк жана коомдук тарбиянын өз ара катышы, тарбиялоо өзгөчөлүктөрү талданган.

Ал эми мурунку СССРдин курамына кирген элдердин балалык этнографиясынын ар түрдүү аспектилери Х.Аргынбаев, А.Толеубаев, Н.Ж.Шаханова, С.П.Кульсариева, А.Союнова, Г.П.Снесарев, О.А.Сухарева, Л.А.Фирштейн, Н.И.Шатинова, Н.А.Тадина, А.П.Потапов, В.Я.Бутанаев, С.Ш.Гаджиева, С.А.Дбар, Ю.Ю.Сурхаско, А.К.Байбурин, Г.П.Васильев, Е.А.Гаер, Н.А.Кисляков, Т.А.Листова, М.И.Панькив, Я.В.Чеснов ж.б. окумуштуулардын изилдөөлөрүндө каралган жана алар пайдаланылган адабияттардын тизмесинде берилди.

Ушул эле тематикадагы изилдөөлөр монгол элинин мисалында Л.Л.Викторова, Н.Л.Жуковскаянын, Түркия түрктөрүнүн мисалында белгилүү тилчи М.Н.Серебряковашын эмгектеринде кенен камтылган.

Ал эми кыргыз элинин этнографиясы тууралуу сөз кылсак, ал XIX к. орто ченинен тартып изилдөөнүн предмети болуп келүүдө. Кыргыз этнографиясын изилдөө иштеринде XIX к. экинчи жарымында жергебизге келишкен орустун окумуштуу – саякатчыларынын: В.В.Радлов, Н.А.Северцов, М.И.Венюков, Г.С.Загряжский, Н.И.Гродеков, Н.А.Аристов, Ф.В.Поярков, Н.Л.Зеланд ж.б. кошкон салымын белгилеп коюу абзел. Аталган окумуштуулардын эмгектеринин арасында элибиздин

[1] *Мид М.* Культура и мир детства. Избранные произведения. – М.: Наука, 1988. – 429 б.; *Кон И.С.*Ребенок и общество. – М.: Наука, 1988. – 270 б.

[2] Этнография детства. Традиционные формы воспитания детей и подростков у народов Восточной и Юго-Восточной Азии. – М.: «Наука», 1983; Этнография детства. Традиционные формы воспитания детей и подростков у народов Передней и Южной Азии. – М.: «Наука», 1983; Этнография детства. Традиционные формы воспитания детей и подростков у народов Южной и Юго-Восточной Азии. – М.: «Наука», 1988.

этнографиясын изилдеген, айрыкча кыргыздардын үй-бүлөсү, үйлөнүү тартиптери, балдарды тарбиялоосу боюнча маалыматтар кездешет.

Кыргыздардын этнографиясы боюнча жазылган изилдөөлөрдүн арасында казак окумуштуусу Ч.Валихановдун чыгармалары өзгөчө мааниге ээ. Анткени, ал алгачкылардан болуп кыргыз этнографиясын атайын илимий изилдөөнүн объектиси катары жогору баалап, анын айрым тармактарын таасын иликтеген. Анын чыгармаларында кыргыз элинин ырым-жырымдарына байланыштуу болгон бир топ маалыматтар бар. Атап айтканда, Ч.Валихановдун эмгектеринен диний ишенимдер, элдик медицина, жаныбарлардын культуна байланышкан маалыматтарды жолуктурууга болот[3].

Кыргыз элинин рухий маданияты жөнүндөгү изилдөөлөрдүн өзгөчө тобуна Совет бийлигинин алгачкы жылдарындагы Ф.А.Фиельструп, Н.П.Дыренкова сыяктуу изилдөөчүлөрдүн эмгектерин кошууга болот. Н.П.Дыренкованын “Брак, термины родства и психологические запреты у киргизов” деген макаласы өзгөчө белгилеп кетүүгө татыктуу. Анда туугандык, кандык мамилелерде бир атанын балдарынын бири-бири менен болгон карым-катнаштары, тергөө, качуу өңдөнгөн үрп-адаттар эч өзгөртүлбөй берилген. Ф.А.Фиельструптун жетимиш жылдан соң басылып чыккан “Из обрядовой жизни киргизов начала XX века” аттуу эмгеги (Москва, “Наука”, 2002) кыргызтаануу илими үчүн олуттуу салым болду десек жаңылышпайбыз. Аталган окумуштуулардын негиздүү концептуалдык маалыматтары илимий жактан тактыгы жана объективдүүлүгү менен айырмаланып турат.

XIX к. аягы – XX к. башында жарык көргөн изилдөөлөр менен XX к. экинчи жарымындагы изилдөөлөрдүн аралыгындагы «илимий боштукту» Б.Солтоноев менен Талып Байболот уулунун (Талып Молдо) жыйнап калтырган материалдары толуктап турат. Алардын жыйнаган материалдарында кыргыздардын улуттук каада-салт, ырым-жырымдарын изилдөө үчүн баштапкы ойлом материалы болуп бере турган тарыхый жана этнографиялык маалыматтар арбын. Жалпысынан алганда Б.Солтоноев менен Талып Молдонун эмгектери келечектеги изилдөөлөрдүн фактологиялык негизи болору шексиз.

Баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдарды алгач ирет түздөн түз иликтөөгө алган изилдөө иши белгилүү кыргызтаануучу С.М.Абрамзонго таандык. Анын “Рождение и детство киргизского ребенка” аттуу макаласы Кыргызстандын тяньшань аймагынан жыйналган талаа материалдарына негизделип, баланын бойго бүтүшү, төрөт, Умай эненин культу, баланын алгачкы күндөрү, түрдүү оорулардан сактоо, балалык жылдары системалуу түрдө анализге алынып, жекече жыйынтыктар чыгарылган. Автордун бул изилдөөсү кийин анын жалпыга таанымал “Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи” аттуу эмгегинен да орун алганын белгилей кетүү керек.

---

[3] *Валиханов Ч.* Собрание сочинений в пяти томах. Том 1-2. – Алма-Ата: Главная редакция Казахской советской энциклопедии, 1984-1985.

Үй-бүлө, анын коомдогу мааниси, баланын үйдөгү орду сыяктуу темага өз убагында этнограф А.Жумагулов, Т.Д.Баялиева, К.Мамбеталиева, А.Көчкүнов, С.Каракеева, философ ө.Козубаев, педагогдордон А.Алимбеков, түркolog Х.Карасаев, өнөр таануучу, элдик этнограф А.Акматалиев[4] сыяктуу окумуштуу-изилдөөчүлөр этнографиялык, философиялык, педагогикалык аспекттен тике же кыйыр түрдө кайрылышып, өздөрүнүн салымдарын кошуп келишкен.

Көрсөтүлгөн кыскача историографиялык талдоого таянып, аталган тема боюнча булактык жана изилдөөчүлүк база болгонуна карабастан, каралып жаткан проблема азыркыга чейин атайын изилдөөнүн предмети болгон эмес жана кошумча илимий изилдөөлөрдү талап кылат деп тыянак чыгарууга болот. Колубузда болгон эмгектерде кыргыздардын баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдары жөнүндө маалыматтар учкай гана берилген, анын үстүнө алар Кыргызстандын түндүк аймагынан жыйналган материалдардын негизинде гана аткарылган. Ал эми Түштүк Кыргызстандан жыйналган материалдарга таянган изилдөөлөр дээрлик жокко эсе. Мына ушул жагдайлар бизге аталган теманы тандап алууга түрткү берди.

**Изилдөөнүн максаты.** Кыргызстандын түштүгүндөгү Ош, Баткен, Жалалабат областтарынын аймагынан жыйналган материалдардын негизинде кыргыздардын баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдарын этнографиялык аспекттен карап чыгып, өзгөчөлүктөрүн аныктоо аркылуу илимий баа берүү диссертациянын негизги максаты болуп саналат.

Коюлган максаттарга жетүү үчүн **төмөнкү милдеттер** аныкталган:

- жыйналган талаа материалдарын жана белгилүү болгон илимий маалыматтарды анализдөөнүн негизинде Кыргызстандын түштүгүндөгү баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдарды комплекстүү иликтеп чыгуу;

- изилденип жаткан ырым-жырымдарды ар тараптуу анализдөө менен жалпы жана өзгөчөлүү белгилерин бөлүп көрсөтүү;

- кыргыздардын жана тектеш элдердин ырым-жырымдарын салыштырып иликтөө, параллелдүүлүктөрүн чагылдыруу аркылуу этномаданий жана этногенетикалык байланыштарын тактоо;

- нукура элдик жана ислам дини менен кирген ырым-жырымдардын байланышын көрсөтүү;

- ырым-жырымдардын гуманисттик мүнөзүн, жаштар арасында, калк ичинде тарбиялык кудуретин ачып берүү.

---

[4] *Джумагулов А.* Семья и брак у киргизов Чуйской долины. – Ф.: Кыргызстан, 1960; *Баялиева Т. Д.* Доисламские верования и их пережитки у киргизов. – Ф.: Илим, 1972; *Мамбеталиева К.* Семья и семейно-брачные отношения рабочих-киргизов горнорудной промышленности Киргизии. – Ф.: 1971; *Каракеева С.И-Г.* Современная киргизская городская семья. – Ф.: Илим, 1981; *Козубаев О. К.* Становление и развитие советской киргизской семьи / АН КиргССР, Ин-т философии и права. – Ф: Илим, 1986; *Алимбеков А.* Кыргыз этнопедагогикасы. 1-бөлүк. – Б.: 1996; *Карасаев Х.* Накыл сөздөр. – Ф.: Кыргызстан, 1982; *Акматалиев А.* Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү. – Б.: Шам, 2000.

Диссертациялык **иликтөөнүн методологиялык негизин** тарыхты таанып-билүүнүн негизин түзгөн, коюлган проблеманы ачып берүү үчүн зарыл болгон толук материалды табууну жана баяндап жазууну талап кылган объективдүүлүк, историзм жана башка илимий принциптер түздү. Ошондой эле синтез жана анализ, логикалык жана салыштырма усулдар сыяктуу универсалдуу диалектикалык метооддор пайдаланылды. Маалыматты жыйноо, жекече байкоо жүргүзүү, калк менен аңгемелешүү учурунда эмпирикалык усул кеңири пайдаланылды.

**Изилдөөнүн базалык булагы:**

- элибиздин көп кылымдарды камтыган тажрыйбасынын натыйжасы болгон көп жанрлуу оозеки чыгармачылыгы, сөз мухити болгон «Манас» эпосу;
- акындарыбыздын жана жазуучуларыбыздын көркөм чыгармалары;
- окумуштуулардын кыргыздардын тарыхына жана этнографиясына арналган илимий эмгектери;
- автордун 1996-жылдан бери Ош мамлекеттик университетинин кыргыз филологиясы факультетинин студенттери менен бирге фольклордук-диалектологиялык практика мезгилинде жана жеке өзүнчө жасаган фольклордук-этнографиялык экспедицияларында, анын ичинде НЕСАР коомдук фондунун программасынын алкагында Баткен областынын аймагынан эл арасынан жыйнаган материалдары.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы.** Диссертациялык изилдөө кыргызтаануудагы баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдарды ар тараптуу изилдөөгө атайын арналган биринчи монографиялык иликтөө болуп саналат. Мында адабий, фольклордук жана изилдөөчүнүн этнографиялык мүнөздөгү талаа материалдарынын кеңири колдонулуусу балалык цикли менен байланышкан ырым-жырымдардын толук картинасын түзүүгө мүмкүндүк берди. Улуттук материалдар тектеш түркий тилдүү элдердин ырым-жырымдарын иликтөөгө арналган кеңири илимий адабияттардын призмасы аркылуу каралды. Кыргыз этнографиясында алгачкылардан болуп эгиздердин культу, балага карата болгон тыюулардын системасы илимий-концептуалдуу талдоого алынды.

**Иштин илимий-практикалык мааниси.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары кыргыздардын этникалык тарыхын, этногенезин, маданиятын окуп-үйрөнүүгө өбөлгө түзөт жана элибиздин көп кылымдык тарыхын, этнографиясын, каада-салттарын, диний-философиялык түшүнүктөрүн, дүйнө таануусун, эстетикалык-көркөм маданиятын, медициналык жана педагогикалык тажрыйбасын үйрөнүү үчүн зарыл. Диссертациянын материалдары кыргыз этнографиясы, кыргыз маданиятынын тарыхы боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, мектеп окуучуларына арналып жазылчу “Адеп сабагы”, “Элтаануу” окуу китептерин, окуу куралдарын даярдоого, атайын курстарды жана атайын семинарларды иштеп чыгууга, ошондой эле массалык маалымат каражаттарында кыргыз элинин мыкты салттарын жана улуттук сапаттарын таанытып, кеңири жайылтууга көмөк бере алат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- ырым-жырымдар элдин салттуу маданиятынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат. Ааламдашуу, шаардашуу процесстери күн өткөн сайын күчөп жаткан ушул тапта элибиздин адеп-ахлагын сактоочу чоң күчкө эгедер үй-бүлөнү, анын ички мыйзамдары болгон ырым-жырымдарды изилдөө өзгөчө актуалдуу мааниге ээ деп айтса болот.

- ырым-жырымдарда эмпирикалык илим-билим, дүйнө таануу, диний ишенимдер, элдик педагогика менен медицина орун алган. Социализация системасында балага тиешелүү ырым-жырымдардын өзгөчө цикли келип чыккан жана алар кылымдар бою жыйналган кунсуз тажрыйбаны өткөрүп берүүдө чоң мааниге ээ;

- элдик каада-салттардын ичинде жашоо менен ырым-жырымдар алардын жаралышына баштапкы негиз болуп берген. Мезгилдин сынынан өтүп, түрдүү идеологиялык жана саясий тоскоолдуктарды жеңген каада-салттар, үрп-адаттар жана ырым-жырымдар бүгүнкү адамдын жашоосуна сиңип кирүү менен биздин кылымдын да мурасы болуп калды;

- муундар ортосундагы байланышты чыңдоодо жана этникалык өзгөчөлүктү сактоодо ырым-жырымдарга маанилүү орун тиешелүү.Элибиздин руханий калыптануусунун тарыхында терең тамыр жайган ырым-жырымдар менен ишенимдер бүгүнкү күндө да биздин жашоо-турмушубуз менен аң-сезимибизге өзүнүн белгилүү таасирин тийгизип келүүдө.

**Иштин апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги жоболору 2001-2004-жылдар аралыгында 4 илимий-практикалык жана 3 эл аралык илимий конференцияларда жасалган докладдарда жана алардын кийин жарыкка чыгарылышында чагылдырылган. Диссертациянын мазмуну боюнча “Кыргыз ырым-жырымдары” (Ош, 2005, 6,8 б.т.) деп аталган китеп басмадан жарык көрдү. ОшМУнун кыргыз филологиясы факультетинин студенттери үчүн “Ырым-жырымдардын кыргыз фольклорундагы орду” аттуу атайын курс окутулуп келүүдө.

**Диссертациянын структурасы.** Диссертация киришүүдөн, үч баптан, корутунду бөлүктөн жана 170 сандагы пайдаланылган адабияттардын тизмесинен турат.

## Иштин негизги мазмуну

**”Бала төрөлгөнгө чейинки ырым-жырымдар”** деп аталган **биринчи бапта** үйлөнүү тоюнун учурундагы айрым ырымдар, тагыраак айтканда болочок бөбөктүн аман-эсен көз жарышы үчүн ата-энесинин (биринчи кезекте энесинин), тууган-уругунун кам көрүшү, кош бойлууга карата болгон тыюулар, анын аткарган чаралары, кыргыздардагы Умай эненин культу сыяктуу маселелер каралды.

Элдик оозеки чыгармачылыкта элдин ишеними боюнча жаш жубайлардын балалуу болушу, кыргыздардын аялдын талгагына карата мамилеси тууралуу көптөгөн маалыматтар сакталып калган. Дүйнөдөгү

бардык башка элдердей эле, кыргыздар да балалуу болууну үй-бүлөнүн бактысы, негизги милдети катары караган. Кудалашуу мезгилинде эле бул маселеге өзгөчө көңүл бөлүнүп, каны аралашып кетүүдөн сактанып, жети атасына чейин сүрүштүргөн, ден соолугуна көңүл бөлүнгөн. Үйлөнүү тоюнун соңунда жаштарга төшөктү бала-чакалуу, күйөөсү менен ынтымак жашаган, балдарынын баарын аман-эсен чоңойткон аялга салдырып, ал аял өзү салган төшөккө жатып, оонап да койгон. Же болбосо жаш балдарды оонатып, төшөктүн үстүндө күрөштүргөн. Бул ырымдарды контагиоздук магиянын мисалы катары кароого болот.

Аялдын талгагына байланышкан бир катар ишенимдер жашайт, алар боюнча талгактын канбай калышы бойдогу балага терс таасирин тийгизет. Кыргыз эпосторунда болочок баатырдын энеси жолборстун жүрөгүнө талгак болгондугу айтылат. Биздин эл арасынан жыйнаган материалдарыбыздан жыландын этине талгак болуу фактылары учурайт. Талгак аял күсөп калса чочконун эти да адал деген ишеним эл арасына сиңип кеткен. Бул онтогенездин бойдо жетилүү учурунун өтө жоопкердүүлүгүн элибиздин толук аңдап түшүнгөндүгүнүн далили. Талгак болгондо кош бойлуу келин жегиси келген тамакты алып келип берген адам чоң соопко калат деген ишеним да ошол түшүнүктөн пайда болгон.

Үйлөнүү мезгилинде аткарылчу аткарылчу ырым-жырымдардын дээрлик бардыгы тең жаңы үй-бүлөнүн жыргалчылыгы, бактысы, демек, баарынан мурун бала-чакалуу болушу үчүн багытталган. Бала төрөлгөнгө чейинки эң алгачкы иш-аракеттер анын энесинин талгагы менен байланыштуу болгондуктан, бул көптөгөн ишенимдердин жаралышын шарттаган.

Кош бойлууга карата болгон тыюулар кош бойлуу аялдын жана анын карындагы баласынын өмүрү, ден соолугу үчүн кам көрүү максатында келип чыккан. Алсак, тескери толгоодон, б.а. баланын баш жагы менен эмес, аяк жагы менен келип калуусунан коркуп, жүктүү келин капка, аттын ээрине отурбаган, малдаш уруп отурган эмес, баканды аттабаган, шыпыргыны тике койбогон. Баласынын киндиги мойнуна оролуп калбоосу үчүн арканды, шыпыргыны, ала жипти аттабаган, ийик ийрибеген. Таз болуп калбасын үчүн шыпыргыны отко жакпаган, очоктогу күлдү түбүнө чейин кырып албаган. Бойдогу баласынын өмүрүн, акылын кесип койбоо үчүн келин чачын кырккан эмес. Кош бойлуу аял өлүм болгон жерге батага барбаган. Баласынын мурду чөмүчтөй болуп калбасын үчүн бышырып жаткан тамагынын тузун чөмүч менен татып көрбөгөн.

Кош бойлуу келинге салынган тыюулардын бир тобу тамак-аш менен байланыштуу болгон. Маселен, келин жүктүү кезинде төөнүн этин жесе, боюндагы баласын төөгө окшоп он эки ай көтөрөт дешкен. Бирок, күйөөсү экөө тең жесе зыяны тийбейт деп саналган. Мындан улам күйөөсү аялы кош бойлуу кезинде кайсы бир жерден төөнүн этин жеп калса, бир кесимди сөзсүз түрдө үйүнө ала келген. Мындан сырткары кош бойлууга коендун эти да сунуш кылынбайт, аны жесе төрөлчү баланын оозу коендукундай жырык болуп калат деп чочулашкан. Жогорудагыдай эле себептерден улам Түштүк

Кыргызстандагы ичкилик урууларында балыктын, жылкынын этине тыюу салынат. Кийиктин этин жегенге да тыюу бар, бирок ал учурда кийикти атып келген мергендин жолу буулуп калуу коркунучу күтүлөт.

Өткөн мезгилде кыргыздарда балдардын жаш кезиндеги өлүмүнүн көп болушу кадыресе көрүнүш болгондугу маалым. Мунун өзү кош бойлууга карата тыюулардын бүтүндөй бир системасынын келип чыгышына алып келген. Бирок аларды баланын өмүрүн сактоо чаралары менен гана байланыштырып кароо жетишсиз болор эле. Тыюулардын ситемасынын элибиздин диний ишенимдери менен, баланын болочок тагдырына карата кам көрүү аракети менен болгон байланышы да көңүлгө алынчу жагдайлардан десек болот.

Бабаларыбыз ара төрөлүүгө каршы чараларга өзгөчө көңүл бөлүшкөн. Ал чараларды ырым-жырымдарсыз элестетүүгө мүмкүн эмес. Келин маалына жетпей ара төрөп, бул бир нече ирет кайталанса, өнөкөткө айланып кетти деп тынчсызданышкан. Катары менен боюнан түшкөн келинди көп күчүк тууган канчыктын үстүнөн үч жолу аттатышкан, кой, уй, жылкы сыяктуу малдын ара тууп койгон төлүнүн этин бышырып беришкен, экинчи ирет гүлдөп, кеч күздө мөмө байлап калган кенже алманы жедиришкен, чабалекейдин жаңыдан гана балапанга айлана баштаган жумурткасын ичиришкен. Ара туулган баланы калпакка салып баккан ырым бар, мурун кыргыздар боз үйдө жашагандыктан, ал калпакты керегенин баштарына илип, күн сайын жылдырып турушкан.

Мөөнөтүнө жетип төрөлгөн менен бала токтобой, чарчап калган учурлар да кездешет. Андайда бөбөктү чоочун үй-бүлөгө үч, жети же кырк күнгө чейин беришип, кайра “сатып” алышкан да, Тогузак, Сатылган, Сатыбалды, Саткын сыяктуу аттарды коюшкан. Баланы “сатып” алууда аны эмизген аялга акы катары баланын жынысына жараша тогуз буюм беришкен, илгери бир кап тезекке сатып алгандыгы жөнүндө да маалымат бар. Айрым маалыматтар боюнча баланын энеси жети күн кайыр сурап, жыйнаган кайырына баласын алмашып алган. Балдары удаасы менен чарчап, токтобогондо күйөөсү аялы экөө тең эски кийим кийип, мойнуна куржун илип, эл аралап кайыр сураса, балдары туруп калат деген ишеним жашайт.

Айрым жаныбарлардын сактоочу күчүнө карата болгон ишеним да күчтүү болгон. Иттин жүнү менен тиштерин балдарга тумар катары тагышкан. Бөбөккө алгач көйнөк кийгизерден мурун аны иттин башына салып, анан балага кийгизген, бул **ит көйнөк** деп аталган. Балдары токтобогон аялдар төрөр замат ууз сүтүн күчүккө же бөлтүрүккө эмизип, алар бала менен эмчектеш болуп калышкан. Ушул эле ырымды бөлтүрүктүн жардамы менен аткарган. Көзү ачыла элек бөлтүрүктү бала менен кошо үч, беш же жети күн эмизип, анан бөлтүрүктү кое беришкен. Балдары турбаган үй-бүлөлөр карышкырдын тумшугу менен сыйрылган терисин сууга жибитип, керип-чоюп, андан жаңы туулган бөбөктү өткөрүшкөн. Бешикке карышкырдын ашыгын тагып, баланын кийимине тишин тигип коюу да кеңири тараган ырымдардан. Булар элибиздин турмушуна бөрүнүн тотемдик маанисинен улам киргендигинде талаш жок.

Балдары токтобой жүргөн келин төрөп, баласынын туруп калышына ишеним пайда болгондо эчки союп, түлөө өткөрүлгөн. Этти эзилгенче кайнатып, анан айыл аксакалдарын чакырып даам таттырган. Муну **акыйка той** деп койгон. Келгендер этти сөөккө тиш же бычак тийгизбей жегенге милдеттүү болушкан. Эчкинин сөөгүн ак кездемеге ороп, же сууга ыргыткан, же атайын казылган жайга алып барып коюшкан.

Келиндин төрөшү үчүн айрым нерселерди ооз тийип көрүү да пайдалуу саналган. Андай касиетке сүннөткө отургузган баланын эркектик белгисинин кесиндиси, ташбаканын жумурткасы, көп балалуу аялдын оозуна салып, кайра кайтарып берген оокаты (боорсок, чүчбара, манты ж.б.) ээ деп саналган.

Көп балалуу аял төрөбөс келинге өзгөчө сапаты бардай сезилип, аны жуктуруп алууга аракеттенген. Бул үчүн ал көп балалуунун кырк ичинде жаткан төшөгүнө жатып, оонап койгон же дамбалын сурап кийген. Кээде ал дамбалды уурдап алган учурлар да болгон.

Кыргыздар оттун айыктыруучу, тазалоочу күчүнө дайым ишенишкен. Төрөбөгөн келиндин кайнатасынын коломтосуна сыйынуусун, сүмөлөк кайнаткан очоктун ичине кирип, үч жолу айланышын, оттун күлүнө отурушун дал ошондой себептер менен түшүндүрүүгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, келечекке кам көрүү, тукум улоо максатында ара төрөлүүгө жана тукумсуздукка каршы өтө көп сандаган түрдүү чаралар көрүлүп, аларды аткарууга бир гана үй-бүлө эмес, тууган-урук, бүтүндөй уруу мүчөлөрү да тартылган. Кыргыз аялдары барган дарылануунун бардык жолдорунан жана ыкмаларынан терең архаизм байкалып, ал чаралар магиялык, тотемдик, фетиштик элементтерди камтуу менен кыйла кылымдар ичиндеги тажрыйбадан жаралган элдик медицинага да негизденген.

Кыргыздар төрөт мезгилиндеги ырымдарга өзгөчө маани беришкен, Умай эненин культу катуу баркталган. “Аялдын бир өлүмү төрөттөн” деген ишенимден улам ага өтө жооптуу мамиле жасалган. Атайын чакырылган аначы-эмчилер, көп бала төрөп, өстүргөн тажрыйбалуу аялдар төрөттү жеңилдетүүчү ырымдарды аткарышкан. Алсак, келинди төшөккө жаткызып, анан төшөктүн эки жагынан кармап, ары-бери тоголотуп көлбүткөн, үйдөгү түйүлгөн түйүнчөктөрдү чечип койгон, келиндин өрүлгөн чачын да жазып салган, толгоо башталганда шам жаккан, келин жаткан төшөктүн үстүнө ун чачкан, жыландын терисин тамакка кошуп же чайга салып, демдеп беришкен, толгоо мезгилинде бирөө буюм сурап келсе берген эмес. Кош бойлуу аял толготуп жаткан үйдүн оң жагына мылтык илип коюшкан же тарсылдатып ок чыгарышкан. Толгоо мезгилинде аял кыйнала баштаса, майда жандыкты келиндин башынан үч айлантып, шыйрагын карматып, анан сыртта мууздап, этин бышырып беришкен же бөрүнүн карынын сууга салып жибитип, аялдын башына кийгизишкен.

Төрөт мезгилинде эмчи-домчу, аначылар Умай энеге жардам сурап кайрылышкан. Кыргыздар Умай энени аялзаттын, наристенин, үйдүн колдоочусу, мол түшүмдүн жалгоочусу дешкен. Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде Умай эненин аты учурашы анын культунун байыркылыгын

көрсөтөт. Кийинчерээк ислам дининин таасири менен төрөт мезгилинде Умай эненин аты менен катар Батма, Зууранын аты кошо айтыла баштаган. Байыркы мезгилдерде кыргыздар Умай энени куш, бүркүт түрүндө элестеткен деген пикирдебиз, анын бир катар далилдери да бар. Толгоо тартып кыйналып жаткан аялдын жанына бүркүт кондуруп коюу ырымын да ага кошууга болот.

Ашкере жооптуу учур катары төрөт мезгилинде аткарылчу ырым-жырымдарда өтө кылдаттык зарыл болуп, андан улам бул милдеттин атайын аткаруучуларынын катышуусун талап кылган. Алардын иш-аракети бир эле учурда элдик тажрыйбаны магиялык чаралар менен айкалыштыруу менен эне менен баланын өмүрүн сактап калууга жумшалган. Буга кыргыз мифологиясында өзгөчө мааниге ээ болгон Умай эненин тартылышы да мыйзам ченемдүү. Кыргыздарда, Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакас, тува, шор, алтайлыктарда, Саян-Алтайдын башка түрк-монгол тилдүү элдеринде Умай эне жөнүндөгү мифтик түшүнүктүн сакталышы аталган культтун көөнө мезгилдерден жашап келатканын айгинелейт.

**“Бала төрөлгөндөн кийинки ырым-жырымдар”** деп аталган **экинчи бапта** кыргыздардын балага ат коюудагы өзгөчөлүктөрү, бөбөктүн уул же кыз экендигине карата жасаган мамилеси, эгиздердин культуна байланышкан ишенимдери, баланын алгачкы жылында аткарылчу ырым-жырымдар иликтөөгө алынат.

Кыргыздардын жаңы төрөлгөн баланы эмне менен оозандырса, өмүр жолу, келечеги ошого жараша болот деген ишениминен улам “өмүрү майлуу-сүттүү болсун” деген тилек менен май менен оозантуу кеңири тараган. Жаны бекем, дени сак, баатыр болуп чоңойсун үчүн бөрүнүн шилекейи менен оозантуу да учураган.

Темирдей бекем болуп, жоокер чоңойсун деген максатта кылыч менен оозантуу ырымы аткарылган, кылычтын ордун кийинчерээк мылтыктын огу алмаштырган. Бөбөктү сагызгандын тили менен оозантса, бардык жан-жаныбардын тилин билип чоңоет деген ишенимдин болгонун белгилей кетүү абзел.

Жогорудагыдай сымал ишеним балага ат коюуга да тиешелүү болгон. Балага Арстан, Жолборс, Бөрү, Кабылан, өтөгөн, Мадыл сыяктуу жаныбарлардын, Бүркүт, Шумкар, Ылаачын деп куштардын аты берилиши менен алардай күчтүү, жүрөктүү болсун деген ниет билдирилгени, ары ушул жаныбарларды ыйык туткан тотемдик ишенимдери менен байланышта болгону калетсиз. Ал эми Сасык, Шалтак, Бокбасар, Тезекчи сыяктуу жагымсыз ысымдардын коюлушун ажал, зыяндуу күчтөр жийиркенип жолобосун, көздүүнүн көзү тийбесин деген максатта иштелген деп түшүндүрүүгө болор эле.

Элдик салтта төрөлө элек балага ат тандоого, коюуга тыюу салынган менен айрым жагдайларда аны бузууга аргасыз болушканын белгилей кетүү керек. Мисалы, энесинин боюнда экенинде ыйлаган бөбөккө Машрап, кыз болсо Машрапгүл (же Шарип, Шарипа) деп ат коюу чечилген, себеби, андай бөбөк өз аты менен төрөлөт деген ишеним жашайт. Баланы өзгөчө касиетке

ээ деп санап, төрөлгөн соң аны кырк күнгө чейин эч кимге көрсөтүшкөн эмес. Ал эми тиши менен төрөлгөн бөбөккө Бөрү (кызга Бөрүкыз) деген ат койбосо, бала кырсыкка учурайт же өзүнөн кийинкилерин жеп коет, башкача айтканда андан кийинкилери турбайт деген ишеним бар. Бөбөктүн тишинин төмөнкү же жогорку жакта экендигине да көңүл бөлүнгөн, жогорку тиштери менен төрөлүшү жамандыкка жорулган. Мындай көрүнүштүн байыркы индиялык адабияттын эстелиги болгон “Атхарваведада” да белгилениши ишенимдин өтө байыркы экендигин күбөлөйт.

Оозандыруу жана ат коюу ырымдары бөбөктүн өмүр жолун аныктоочу алгачкы чаралар катары саналуу менен архаикалык ишенимдердин белгилерин бир топ толугураак камтышат. Ошол эле учурда алардан элдин чарба жүргүзүүсүн, жашаган жаратылыш шартын, маданиятын, эстетикалык табитин да байкоого болот.

Чыгыштын бардык элдериндей эле, кыргыздар да уул балага артыкчылык беришкен. Анткени эркек бала атасынын мураскору, коргоочусу болуп, ата-энесин багып, өлсө салты менен көмгөн. Уулдун үйдөгү орду кыздыкына караганда жогору болгон. Куран менен барабар деген ишенимден улам кызга эркекти тепкенге тыюу салынган, уул баланы, ал тургай анын кийимин да аттабаган. Көп кыз төрөгөн келиндер мындан кийин уул төрөлсүн деген максатта кичүү кызына Жаңыл, Болдукыз, Бурул, Уулкан сыяктуу аттарды койгон. Жалаң кыз төрөгөндөр көп уулдуунун үйүнөн эркек балдардын биринин баш кийимин уурдап алып кеткен. Анткен менен кыргыздар кызды мейман катары карап, аны сыйлуу жерге – төргө отургузуп, кийимдин жакшысын кийгизген. Кыз турмушка чыккандан кийин да төркүнүнө келгенде ата-энесинин үйүнөн каалаган буюмун алып кетүүгө акылуу болгон. Кыргыз жерине келген саякатчылар да кыргыз аялдарынын эркектер менен тең укукка ээ экендигин белгилешкен.

Корутундулай келгенде, кыргыздардын уул балага артыкчылык беришин, биринчиден, патриархалдык түзүлүшкө негизделген десек, экинчиден, ислам дининин таасиринен улам дегенге болот. Анткен менен отурукташкан элдерден айырмаланып, үй-бүлөдө кыздын да татыктуу орду болгон. Эркекке да, аялга да бирдей, адам катары тегиз мамиле кылууну көчмөнчүлүк турмуштун демократиялык салттары менен түшүндүрүүгө мүмкүн демекчибиз.

Этнографиядагы абдан кызыктуу көрүнүштөрдүн бири катары кыргыздардагы эгиздердин культун атоого болор эле. Аталган культ кыргыздарда буга чейин изилденбегендиктен, дүйнө элдеринин бул культка карата мамилесинин призмасынан алып карадык. Анткен менен эгиздер культу жөнүндөгү маалыматтар кыргыз фольклорунда кеңири кезигерин айтпай кетүүгө болбойт. Эгиздер кыргыздарда тону бир (близнецы), тону бөлөк (двойня) деп ажыратылат. Тону бир эгиздер коендой окшош келип, тең ыйлап, тең ооруп, кокус бири чарчап калса, артынан экинчиси да чарчайт деп саналат. Андыктан төрөлөр замат эле алардын тонун экиге ажыратып, жолдун эки тарабына көмүшкөн. Мындай ырымдын хакастарда да учурарын профессор В. Я.Бутанаев белгилейт. Эгиздердин бири чарчап калса, аны

бейитке коюп келгенге чейин ажалды адаштыруу максатында түгөйүн казандын алдына жашыра турган. Чарчап калганына койду же тоокту кошо көмгөн ырым да аткарылган. Эгиздердин аман калганынын атын өзгөртүп жиберүү азырга чейин колдонулуп келүүдө.

Адатта эгиз уулдарга Асан-Үсөн, эгиз кыздарга Батма-Зуура деген аттар коюлушу шарт болсо, учурда бул салт өзгөрүүгө дуушар болуп, уйкаш угулган ысымдарды берүү практикаланууда. Аялдын бир эле эмес, эки, ал тургай үч ирет эгиз төрөшү да кездешет. Үчүнчү мерте эгиз төрөлгөндө кырк күнгө чейин эч кимге билдирбей жашырып, анан гана той өткөрүп, балдарга ат коюлган. Бул мезгилдин ичинде үйдөн эч кандай буюмду сыртка чыгарбаган. Дагы бир шарты боюнча андай эгиздерди бирөөгө берип, бир канча күндөн кийин “сатып” алган. Элдик ишеним боюнча үч ирет эгиз төрөгөн аял күйөөсүнө башка аял алып берүүгө милдеттүү болгон.

Кирине киргенде, көзгө ак түшсө же коночок консо, колтукка, моюнга без чочуп калса, эгиз төрөгөн аялга эмдетүү элибизде кеңири тараган салт. Аял без чочуган жерди бутунун учу менен тээп: “Сен качан чочуучу элең, мен качан эмдөөчү элем” деген дуба сөзүн кайталаган. Кээде эгиз төрөлгөндөрдүн бирине эмдетүү да учурайт.

Жогорудагы сөз болгон бир катар ырымдардан улам эгиз төрөгөн аял өзгөчө күчкө ээ деген ишенимди баамдап, өткөн мезгилдерде элибизде эгиз төрөгөн аял, анын эгиз туулган балдары өзгөчө сый-урматка ээ болушкан, кыргыздарда да **эгиздердин культу** болгон деп ишенимдүү белгилөөгө болот.

Баланын алгачкы жылындагы ритуалдар бөбөктү бешикке салуу, кыркын чыгаруу, карын чачын алуу, тушоосун кесүү, сүннөткө отургузуу сыяктуу бир катар ырым-жырымдарды камтыйт. Сөз болгон ритуалдардын кадимки, ар кандай эле адам аткара берчү ырымдардан айырмаланып, бул иштин атайын адистери тарабынан жүргүзүлгөнүн белгилей кетүү керек.

Бала төрөлгөндөн соң жети күндөн ашырбай аны бешикке салышкан. Узак жашап, көп балдарды төрөп, өстүргөн байбичелер бешиктин ичи-сыртын аластап, шимекти майлап, оң-сол чүкөлөрдү, ошондой эле чоңойгондо эмгекти сүйсүн деген тилек менен кетмен, балта, чот баштаган жети эмгек куралын бешикке салып, жакшы тилектерин айтып, жууркан, куржун, кап, баштык сыяктуу жети нерсени бешикке жаап, төрөгөн энесине карматышат. Бөлөгөндөн кийин жакшы,тынч уктасын деп, бешиктин үстүнө тогуз уйкучу адамдын кийимин жаап койгон. Бөбөктү бешикке бөлөп жаткан учурда келген кишини баланын уйкусун алып кетет деп, баланы бөлөп бүткүчө эшикке чыгарган эмес. Куру терметсе балалуу болбой калат деп, бош бешикти терметкен эмес. Экөөлөп бешик терметкенге, эки башынан көтөргөнгө да тыюу салынган. Аны бут менен терметкенге, тээп жылдырганга, үстүнөн аттап өткөнгө уруксат берилбеген. Бешик сатып алып жатып соодалашпаган. Арчадан жасалган бешиктер жогору бааланган, ага бөлөө менен арчадай бекем, узун өмүрлүү болушуна ниеттенишкен.

Төрөлгөндөн кийинки кырк күн баланын өмүрү үчүн өзгөчө кооптуу деп саналгандыктан, наристенин кыркын чыгарууга айрыкча маани берилген.

Ал күнү союш союлуп, кырк токоч жасалып, кошуна-колоңдорго чай берилген. Байбичелер жакшы тилектерин айтып, дагырага кырк кашык суу куюшуп, баланы ошол сууга киринтишкен. Мал-жандуу, бай болсун деп ырымдап, сууга койдун кырк корголун, эти бышык, денеси чымыр болсун үчүн туз салып койгон. Бул салт Борбордук Азиянын дээрлик бардык элдеринде кезигет, бирок сууга салынган заттардын курамы жергиликтүү өзгөчөлүктөргө ээ экендигин айта кетүү керек. Баланы жуунткан сууну кийин көп балалуу болсун деп ырымдап, мөмөлүү дарактын түбүнө төккөн. Бөбөктүн кыркын чыгарган күнү төрөлгөндөн кийин балага кийгизилген "ит көйнөктү" чечип, башка көйнөктү – баланын энеси коңшу үйлөрдү кыдырып, сурап алган чүпүрөктөрдөн курап тиккен "**кырк көйнөктү**" кийгизишкен. Аны кийгизерден мурун ичине кырк боорсок салып, көйнөктүн жеңдерин бууп, эки байбиче эки жагынан кармап, түрдүү жакшы тилектерди айтып чайпашып, анан гана баланын башына салышкан.

Бөбөктүн кыркын чыгарган соң анын карын чачы алынган. Белгилүү кыргызтаануучу С.М.Абрамзон баланын чачын алган күнү таякеси бир сыйра кийим алып келип, мал энчилегенин белгилеген. Бул салт ногойлордо да сакталган. Чач адамдын буту баспай турган, көздөн далдоо жерге коюлган. Адатта аны чач ээсинин кадыр-баркы жогору болсун деп бийик жерге кыстарган же тукуму көп болсун үчүн мөмөлүү дарактын түбүнө көмгөн. Шарт боюнча эркектин чачын аялга алдырышпайт, антсе эркек кайратсыз болуп калат деген ишеним бар. Балдары турбагандар бөбөктүн төбөсүнө бир тутам чач калтырып, аны өрүп койгон. Андай чачты ыйык жерлерге барып алдырышкан, төрөбөгөн аялдар бала көрөйүн деп аны сатып алышкан. Негизинен чачты катып коюшкан. Чачка кастарлап мамиле кылуу дүйнө элдеринин көбүнө таандык. Бул байыркы адамдардын жан чачта жайгашкан деген анимисттик түшүнүгү менен байланыштуу, мындай түшүнүктүн жаралышына чачтын такай өсүп туруу жөндөмдүүлүгү себепкер болгондугу шек туудурбайт.

Ата-бабаларыбыз ар бир нерсенин, дене мүчөлөрүнүн, кыймыл-аракеттин ээси бар экендигине ишенишкен. Баланы бастырбай кармап турган күч бар, аны кыйып жибергенде гана шар басып кетет деп ойлошкон. Ошондуктан бала аягын эми гана шилтей баштаганда тушоо кесүү жөрөлгөсү аткарылган. Ата-эне мал союп, элди чакырып, тушоо тоюн берген. Баланын бутун ала жип менен тушап, жаш балдарды чогултуп, аларды бута атым жерден кое берип жарыштырган. Озунуп чыгып келгени даярдап койгон бычак менен баланын тушоо жибин кесип, той ээлеринин атап койгон байгесин алган. Үч жашка чейин баспаган баланын бутун козу байлаган көгөн менен жети жолу тушап, кестирген ырымы болгон.

Баланын турмушундагы орчундуу окуялардын бири – бул сүннөткө отургузуу. Бул салт мусулман болуунун алгачкы критерийи катары каралган менен анын байыркы доорлордо эле болгонун грек тарыхчысы Геродот белгилеген. Баланы адатта так жашында гана – 3, 5, 7 жашында сүннөткө отургузган, жуп жашында отургузган бала сезгенип, кийин балалуу болбой калышы мүмкүн деп этияттанышкан. Сүннөт тоюн берип, элден бата алууга

ичкилик урууларында чоң маани берилет. Отургузууну ушул иштин чебери (көбүнчө чач тарач) жасаган, анын өзүнүн эркек балдарынын бар экендигине, колунун жеңилдигине көңүл бурулган. Сүннөткө отургузуп жаткан баланын үстүнө аял адам кирбеген, апасы ал учурда ырымдап чыпалагын муздак сууга салып турган. Шарият боюнча бала отургузулгандан кийин гана мал союуга укуктуу болгон, ага чейин мал сойсо, эти арам деп саналган. Ошондон улам баланы сүннөткө отургузууну “колун адалдатуу” деп да айта беришет, ичкилик урууларында “хатна” деген аталышы жолугат.

Кыргыздардын балага тиешелүү ырым-жырымдарынын цикли көп кылымдык салттар тарабынан иштелип чыккан система болуп саналат жана баланын жашоосунун маанилүү этаптарын – анын алгачкы жылдарындагы социализациялашуусунун биринчи баскычтарын ритуалдаштырат жана сакралдаштырат деп белгилөөгө болот.

Диссертациялык иштин **“Баланын өсүшүнө, тарбия берүүгө байланышкан ырым-жырымдар менен ишенимдер”** деген **үчүнчү бабында** баланын жакшы өсүшүн камсыздоо, ар кандай оорулардан сактоо, ага тарбия берүү чаралары иликтенген.

Баланын өмүрүн камсыз кылууга багышталган ырым-жырымдар сыяктуу эле анын ден соолугунун бекемдиги үчүн көптөгөн чаралар такай көрүлгөн. Алсак, баланын мойнунун тезирээк катышы үчүн кой союлганда анын этинен тырмактай кичине кырк кесим эт алып, аларды жипке тизип, бала жаткан үйгө илип койгон. Эт кургап, катып калганда бөбөктүн да моюну катат деген ишеним бар. Көпчүлүк учурда койдун моюн этин баланын энесине бышырып беришет. Ал этти таза мүлжүп жеп, моюн сөөктү баланын бешигине илип койгон.Дагы бир ырым боюнча жети тооктун мойнун тизип байлап, очоктун морусунун ичине илип койгон.

Жаш балдар басканга чейин барпы оорусу менен көп ооруй тургандыгы белгилүү. Ошондон улам ага каршы колдонулчу чаралардын саны да арбын. Мисал келтирсек, тандырга нан жаап, бирөөн баланын башына коюп, бычак менен ортосун кесип алып, тегерегин баланын башына кийгизип ырымдайт же жети үйдөн жыйналган кездемеден тигилген ноктону башына каткан. Баланы мөмөлүү дарактардын ачасынан, көк мончок кошулуп жуурулган камырдан жасалган алкактын ортосунан өткөргөн, башына ташбаканын жумурткасын жарып сыйпаган, жолдун айрылышына алып барып оонаткан. Дагы бир кеңири тараган ыкмасы катары кемеге түшкөн адамга кайчы менен чачын кырктыруу да саналат.

Балдардын оорусу үчүн жаныбарлардын айрым бөлүктөрүн дары катары саналган. Мисалы, көк жөтөлгө бооз кийиктин ичиндеги улагынын өтүн, көк эшектин сүтүн, көк карганын канатын, талмасы барга бүркүттүн өтүн, чечекке улардын этин, итий болгонго бөрүнүн өтүн колдонушкан. Жүрөгү түшкөнгө, арыктап кеткенге, кирине киргенге, кызамык чыкканга, кулагы ооруганга да эмчи-домчу байбичелердин өз ырымдары болгон.

Жогоруда белгиленгендей, кыргыздар баланын өсүшүн, ден соолугунун бекемдигин камсыз кылуу үчүн өздөрүнүн эмпирикалык байкоолоруна ылайык түрдүү каражаттарды, туура тамактануу эрежелери

сыяктуу элдик медицинанын бай тажрыйбасын пайдалана алышкан. Биз өзүбүз карап өткөн ырым-жырымдардын диний негизин белгилөө менен бирге эле алардагы көптөгөн иш-аракеттер рационалдуу түшүнүктөргө негизделгенин белгилебей кете албайбыз.

Канчалык жакшы көргөн менен кыргыздар балдарын ыгы жок эркелеткен эмес. Элдик салтта артыкча жакшы көрүү – көз тийгенге барабар каралган. Кыргыз бөбөктөрүнө карата болгон тыюулардын айрымдарын белгилей кетүүгө туура келет.

Тамак-ашка карата тыюулар: эркек балага койдун көк боорун, мээсин, сөөктөгү чучугун, бөйрөгүн, көтөн чучугун, далынын учундагы чемирчекти (тагайды), кызга кекиртегин, тилдин учун, шыйракты берген эмес. Эркек бала кырмычыкты көп жесе, тоюнда күн жаайт дешкен. Жерде жаткан тамакка "жердеги – жетимдики" деп тийген эмес. Нанды тескери койбогон, анын бетин сыйрып жесе апасы, артын сыйрыса атасы өлөт деп тыйган. Тамакка таарынганды жактырбаган, отуруп гана тамактанганды үйрөткөн. Насип, ырыскы калып калат деп тамактын түбүн, тиштеген нанын калтыртпаган.

Кийим-кечеге тиешелүү тыюулар: жаш баланын көйнөгүнүн этегин бүкпөйт, кийимди кийип туруп тикпейт, тескери кийбейт, жаш адам желбегей жамынбайт, чечкен кийимин тескери бойдон таштабайт, шымды башка жаздабайт.

Кыймыл-аракет, ишаратка болгон тыюулар: бала колун артына албайт, таяк таянбайт, жерди таянып отурбайт, босогодо турбайт, колун төбөсүнө албайт, колун оозуна салбайт, бөйрөгүн таянбайт, колун башына алып жатпайт, тизесин тартынып отурбайт, мүрзөнү колу менен көрсөтпөйт ж.б.

Адептик эрежелерге тиешелүү тыюулар: адамды карап керилип-чоюлбайт, үй ичинде ышкырбайт, саламдашпай сөз баштабайт, эки кишинин ортосунан кесип өтпөйт, жуугандан кийин колду силкпейт, эшикти тээп ачпайт, төргө улуулардан мурун өтпөйт, кишиге артын салбайт, капталдан качырып сөз сүйлөбөйт, уктап жатканды аттабайт, дасторкон четинде бутту сунуп отурбайт.

Элибиз өзүнүн жашоо шартына, диний ишенимине, дүйнө таануусуна ылайык көптөгөн тыюуларды иштеп чыгып, өз балдарын алардын негизинде тарбиялап келген. Бирок аларды балдардын ар бир аракетин, кыймылын тыйып-кысып турган күч катары түшүнүү туура эмес. Балдар тыюуларды кадыресе күндөлүк турмушунда эле ата-энесинен же улуулардан угуп, аларды эскертүү катары бир укканда эле көңүлгө түйүп алышкан да, аларды күн сайын кайталап туруунун зарылдыгы болгон эмес.

Айрым тыюулар балдар эр жетип, чоңдордун катарына кошулгандан кийин деле табу катары өз күчүн жоготпой сактап кала берген. Тыюулардын бүтүндөй жыйыны элибиздин маданиятына, этикетине айланган. Далайларынан баштапкы жаралуу себеби унутулуп, жаңы мааниге өтүп кеткен. Андыктан бул маселе көңүлгө алынып, илимий баа берилиши зарыл.

**Изилдөөнүн натыйжасы төмөнкү корутундуларды жаратты:**

1. Балалык циклиндеги ырым-жырымдар автономдуу, өз алдынча мааниге ээ болгон комплекс катары эмес, үй-бүлөлүк башка ырымдардын тутуму менен тыгыз байланышта турган, жашообузга биротоло сиңип кеткен система болуп саналат.

2. Кыргыздардын балага тиешелүү ырым-жырымдарынын цикли көп кылымдык салттар тарабынан иштелип чыккан система болуп саналат жана баланын жашоосунун маанилүү этаптарын – анын төрөлүшүн жана социализациясынын биринчи баскычтарын ритуалдаштырган жана сакралдаштырган.

3. Ырым-жырымдарды эскиликтин, караңгылыктын калдыгы эмес, биздин рухий маданиятыбыздын ажырагыс бөлүгү катары кароо ылайыктуу.

4. Түштүк Кыргызстандагы ырым-жырымдардан көчмөн эл менен отурукташкан калктын маданиятынын (б.а. ырым-жырымдарынын) синтезин байкоого болот. Тагыраак айтканда, кыргыздардын ырым-жырымдарына коңшулаш өзбек, тажик элдеринин ырым-жырымдары көбүрөөк кирген.

5. Байыркы кыргыз ырым-жырымдары ислам дини менен кошо кирген диний ырым-жырымдарды да өзүнө ылайыктап сиңирип алган.

6. Кыргыз ырым-жырымдары маанилик жактан башка түрк элдеринин, айрыкча Түштүк Сибирдеги алтай, хакас, тува сыяктуу калктардын ырым-жырымдарына окшош болуу менен бирге өзгөчөлүгүн да сактап калган.

7. Кыргызстанда жашаган бардык кыргыз урууларынын (же Түштүк жана Түндүк кыргыздарынын) ырым-жырымдары айрым гана жергиликтүү өзгөчөлүктөрдү эске албаганда маанилик жактан дээрлик бирдей, бул кыргыздардын бирдиктүү улут катары калыптанып бүткөндүгүнүн белгиси.

8. Ырым-жырымдар өзүлөрүндө элдин тарыхын, тилин, турмуш шартынын негиздерин, этнопсихологиясын, этикетин, философиясын, медицинасын, динин, географиясын, педагогикасын камтып турган өтө уникалдуу маданий мурас.

## Диссертация боюнча жарыяланган эмгектер:


1. Кыргыздардын аң-сезиминде Умай эне ыйык ишениминин чагылдырылышы // Научные труды Ошского государственного университета. Общественные и гуманитарные науки. Выпуск I. – Ош, 1996. – 12-17-б.

2. Эгиздер жөнүндөгү элдик ишенимдер // Мамлекеттик тил. Окутулушу жана изилдениши. Республикалык илимий-практикалык конференциянын материалдары. – Ош, 2001. – 301-306-б.

3. Кыргыз фольклору жана «Атхарваведа» // Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций. (К 140-летию Рабиндраната Тагора). Материалы международной научной конференции. Часть I. – Ош, 2001. – 84-89-б.

4. Балага ат коюудагы айрым өзгөчөлүктөр // Вестник Ошского государственного университета. Серия гуманитарных наук. Посвящается 50-летию ОшГУ. «Проблемы образования, науки и культуры XXI века». Труды международной научной конференции. – Ош, 2001, №4. – 220-224-б.

5. Индия грихьясутралары жана кыргыз ырым-жырымдары // Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций. (К 10-летию установления дипломатических отношений и международному Году Гор). Материалы международной научной конференции. – Ош, 2002. – 47-49-б.

6. Баланы коргоого байланышкан ырым-жырымдар // Издөнүүдөгү сапарлар. Эл аралык Тоолор жылы менен ОшМУнун 10 жылдыгына арналган илимий-теориялык конференциянын материалдары. – Ош, 2002. – 59-65-б.

7. Кыргыздардын балдарга карата болгон тыюулары // Вестник ОшГУ. Серия гуманитарных наук Образование и наука для устойчивого горного развития. Посвящается Международному году гор. – Ош, 2002, № 6. – 139-141-б.

8. Ырым-жырымдардагы чачка болгон мамиленин орду // ОшМУнун Жарчысы. Психология-педагогикалык илимдер сериясы. Проф.Б.Апышевдин 70 жылдык юбилейине арналган «XXI кылымда билим берүү, таалим-тарбия системасындагы гумандуулук багыттарды өнүктүрүү» аттуу регионалдык илимий-практикалык конференциянын материалдары. I-бөлүм. – Ош, 2002. – 238-244-б.

9. Кош бойлуулукка байланышкан ырым-жырымдар // Индия и Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций (К 2200 летию Кыргызской государственности). Материалы III международной научной конференции. – Ош, 2003. –172-174-б.

10. Балдардын ден соолугун сактоого байланышкан ырым-жырымдар менен ишенимдер // Вестник ОшГУ. Общественно-гуманитарные науки. Ислам в Центральной Азии. Материалы международной научной конференции, посвященному году Социальной мобилизации и добросовестного управления и 10 летию теологического факультета. – Ош, 2004. – 279-283-б.

11. Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларындагы баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдар менен ишенимдер // ОшМУнун Жарчысы. Гуманитардык илимдер сериясы. Белгилүү манастаануучу Акбар Сыдыковдун 70 жылдыгына арналган илимий-практикалык конференциянын эмгектери. – Ош, 2004, №2. – 29-33-б.

12. Кыргыз жана түрк ырым-жырымдарындагы жалпылыктар // «Bilge», Түркия. – Анкара, 2007 (түрк тилинде).

13. Кыргыз ырым-жырымдары. 1-китеп. – Ош, 2005. – 108 б.

# РЕЗЮМЕ

**Мурзакметов Абдымиталип Камытович**

**Кыргыздардагы баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдар менен ишенимдер (Түштүк Кыргызстандын материалдары боюнча)**

07.00.07 – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертация

**Негизги сөздөр**: кыргыздар, Түштүк Кыргызстан, ырым-жырымдар, ишенимдер, каада-салттар, бөбөк, төрөлүү, өсүү, тарбиялоо, тыюулар, оорулар, культ.

Кыргызтаануудa биринчи жолу атайын илимий изилдөө иши Ош, Баткен, Жалалабат областтарында жашаган кыргыздардын баланын төрөлүшүнө жана өсүшүнө байланышкан ырым-жырымдарын изилдөөгө, алардын өзгөчөлүктөрүн аныктоого жана элдин каада-салтынын аймактык айырмалыгына илимий баа берүүгө арналды.

Түрдүү булактарды, этнографиялык мүнөздөгү талаа материалдарын кеңири колдонуу жана салыштырып анализдөө аркылуу кыргыз баласынын курактык цикли менен байланышкан ырым-жырымдардын мүнөзү толук ачып берилди.

Этнологиялык баалуу таберик болуп саналышкан элдик илим-билим, ырым-жырым менен каада-салттар кыргыздардын тарыхын, этногенезин, маданиятын ар тараптуу изилдөөгө көмөкчү болушат. Ушул жагынан алганда автор тарабынан жаңы табылган ырым-жырымдар жана ишенимдер, илимий колдонууга киргизилген жаңы этнологиялык материалдар кыргыз этнографиясын кыйла толуктап турат. Алсак, эгиздердин культу, балага карата болгон тыюулардын системасы ж.б. алгачкы жолу анализденип, иликтөөгө алынды.

Изилдөөдө кыргыздардын балалык курак менен байланышкан ырым-жырымдары көп кылымдык тажрыйбадан улам келип чыккан бүтүндөй система экендиги, алар өзүндө дүйнө таануу, диний ишенимдер, элдик медицина жана педагогика менен байланышкан элдик илим-билимдерди камтып тургандыгы ырааттуу жана ишенимдүү далилденет.

Диссертация киришүүдөн, 3 баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

# РЕЗЮМЕ

**Мурзакметов Абдымиталип Камытович**

**Обряды и поверья кыргызов, связанные с рождением и развитием ребенка (по материалам Южного Кыргызстана)**

Диссертация на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности: 07.00.07 – этнография, этнология и антропология

Ключевые слова: кыргызы, Южный Кыргызстан, обряды, поверья, традиции, ребенок, рождение, развитие, воспитание, запреты, болезни, культ.

Впервые в кыргызоведении специальное научное исследование посвящено всестороннему изучению обрядов, связанных с рождением и развитием ребенка у кыргызов, проживающих в Ошской, Баткенской и Джалалабадской областях, определению их особенностей и научной оценке локального своеобразия традиций народа.

На основе широкого использования и сопоставительного анализа различных источников, полевых этнографических материалов представлена полная картина обрядов, связанных с детским возрастным циклом жизни кыргыза.

Народные знания, обряды и обычаи, являющиеся бесценной кладезью этнологических реликвий, способствуют комплексному изучению этнической истории, этногенеза, культуры кыргызов. В этом плане выявленные автором новые обряды и поверья, введенные в научный оборот новые этнологические материалы, значительно пополняют кыргызскую этнографическую науку. Так, впервые исследованы и проанализированы культ близнецов, система запретов по отношению к ребенку и т.д.

В работе последовательно и обстоятельно доказывается, что цикл обрядов у кыргызов, связанный с детским возрастом, является целостной системой, выработанной многовековыми традициями, в основу которых легли эмпирические знания, связанные с мировосприятием, религиозными переживаниями, народной медициной и педагогикой.

Диссертация состоит из введения, 3-х глав, заключения и списка использованных источников.

## RESUME

**Murzakmetov Abdymitalip Kamytovich**

**Kyrgyz ceremonies and beliefs, connected with a child's birth and developing (on the materials of the South Kyrgyzstan)**

Dissertation for scholarly degree of a Candidate of Historical sciences, Specialty 07. 00. 07 – ethnography, ethnology and anthropology

Key words: Kyrgyz, South Kyrgyzstan, ceremony, belief, tradition, child, birth, developing, education, interdiction, disease, cult.

The dissertation is the first scholarly work dedicated to all-round investigation of ceremonies connected with the birth and education of a child in Osh, Batken and Jalalabat regions, as well as determination of peculiarities and scholarly estimation of the local originality of folk traditions.

The complete picture of ceremonies, connected with the childhood cycle of life of the Kyrgyz is presented in the work on the basis of comparative analysis of different sources and ethnographic field materials.

Popular knowledge, ceremonies and customs as invaluable warehouse of ethnologic relicts promote researches on the Kyrgyz ethnic history, ethnogenesis and culture. In this aspect the author's introduction of some customs and beliefs, as well as new ethnologic materials into the local scholarship enriches the Kyrgyz ethnography; e.g. the Twins' cult, child interdictions system, etc'are under analysis for the first time.

It is stated in the Conclusion of the research that Kyrgyz childhood ceremonies cycle is a complete system of centuries-old traditions, based on empiric knowledge, world outlook, religious experiences, folk medicine and pedagogic.

The dissertation consists of Introduction, three Chapters, Conclusion and Bibliography.